сыяктуу саптар далил боло алат.

Бирок ушул эле темачада калмак элинин Курманбекке карата болгон мамилеси ачылат. Калмак эли ач көздүгү,канкордугу, өзүмчүлдүгү үчүн Корунду жек көрсө, Курманбектин басып алуучулугу үчүн жек көргөндүгү төмөнкү ыр сабынан байкалат:

«Курманбек кайра келгенде,
Чогуубуз менен баралы.
Чогуусун кармап алалы,
Ошондо көкбөрү кылып тарталы»[1]

деп, Канышайдын алтын-күмүшүн талап алууну каалаган Корунду Курманбектин келишин күтүүгө токтотот. Демек, Курманбектин кылган иши адилетсиз, ошондуктан калмактардын көтөрүлүп, жарадар кылышы адилеттүү кыймыл катарында берилет. Мындай жыйынтыкка Курманбектин айтпастан туруп калмактардын чек арасын басып кириши, алардын территориясына коргон курдурушу мисал боло алат.

Ал эми К. Акиевдин версиясы боюнча Курманбек коргонду Аккан менен канатташ өзү курдурат. Ошентип, Курманбек өз коргонунда жаткан кезде, анын салым алганга кечигип калганын эстеген Дөлөн Курманбектин ордосун курчап алат. Ушул көрүнүштө Курманбек анык баатыр, эр жүрөк, токтоо адам катарында сүрөттөлөт. Атасынын Телтору атты бербей коюшу анын кайта күчүнө күч, кайратына кайрат кошот. Ичинен капа болсо да, капачылыгын сыртына чыгарып, жигиттерге сыр бербей, жоого каршы жалгыз аттанат. Ал, алдында Телторудай аты жок, жанында кырк жигиттей жолдошу жок сансыз жоого аттанып бара жатканда да:

«Кыргын салып калмакка
Кылычымды ким чабат?
Каскагымды өнөрүп,
Калканымды ким тагат?
Калың кыргыз, кыпчакты
Кас душмандан ким багат?»[2]

деп, элинин келечеки тагдыры, сүйгөн жары Канышай үчүн тынчсызданат. Курманбек жалаң гана өзүнө эмес, эл күчүнө да жогору баа бергендиги ушул көрүнүштө да ачык байкалат. Курманбек М. Мусулманкуловдун версиясындагыдай өзүнүн күчүн элден жогору койбойт. Аны бирден бир тиреги катарында Курманбектин кырк жигитке кайрылуусунан көрүүгө болот:

[1] Жогоркудан караңыз, 30-бет.
[2] К. Акиев, «Курманбек», 1957-жыл, 29-бет.



«Ажал өлүм жетпесе,
Адам уулу жыгылбайт.
Кырк жигитим дем берип,
Кызыбай душман кырылбайт»[1]

Курманбек кырк жигит кызып кылыч чаппаса, алардын кардамысыз согушта жеңүүсүнө көп ишене бербейт.

Жогорку эки версияда тең «Калмактардын Курманбекке каршы козголоң чыгарышы» деген тема орун алган. Бирок, К. Акиевдин версиясы боюнча, калмак каны Дөлөндүн Курманбекти жарадар кылып өлтүрүшү терс бааланат. Анткени поэмадагы окуялардын жүрүшүндө Курманбек элдик баатыр, элдин күрөшүүчүсү катарында көрсөтүлөт. Ал калмак кандарына согуш ачуу менен өз элин оор салымдан куткарды. Ошондуктан, анын коргонун Дөлөндүн басып кириши терс көрүнүш.

М. Мусулманкуловдун версиясы боюнча Корундун аракети адилеттүү каршылык катарында жыйынтык чыгат. Анткени поэмада коргон калмактардын территориясына алардын күчү менен салынат. Демек — калмактардын өз территориясынан чет элдик басып алуучуну кууп чыгышы адилеттүү күрөш.

Ырас, М. Мусулманкуловдун версиясында:

«Жалгыз үйлүү бир кедей,
Айына алтын алды деп,
Бизди акмак кылды деп,
Күнүнө күмүш алды деп»[2]

сыяктуу калмак эли Курманбектин кедейлигинен, жалгыз үйлүү кыргыздыгынан көтөрүлүш чыгарып жаткандай анын кыймылын актамак болгон саптар да учурайт. Бирок «кедей» деген терминди колдонуу менен Курманбектин кылган иши акталып калбайт. Тескерисинче, ушул сценада Курманбек жөн жаткан элди жөн койбой, калмак элинин тынчын алган баскынчы катарында ашкереленет.

К. Акиевдин версиясы боюнча Курманбектин образы эпостогу сүйүү темасына байланыштуу тереңдейт. Курманбек жалаң гана адилеттүү күрөшүүчү эмес, мээримдүү ата, кайырдуу дос экендиги анын үй-бүлөсүнө карата болгон мамилесинен байкалат. Каармандын образын бул сыяктуу үй-бүлөдө терең сүрөттөө анын баатырлыгын андан бетер даңазаламакчы. К. Акиевдин версиясы боюнча калмактан кайткан Курманбекке Тейитбек «өз элимден тандап кыз алсын» деп Зайырбекти жиберет. Албетте, ошол кездеги шарт боюнча Тейитбектин кеңеш салышы да, же Зайырбектин:

[1] К. Акиев. «Курманбек» 1957-жыл, 101-бет.
[2] Кыргыз ССР Илимдер Академиясынын фондулук материалдарынан, инв. 785, 29-бет.

«Сыртынан сынап табабыз,
Сымбаты таза бир кызды»[1] —

деп, кыйрылуусунун эч кандай деле одонолугу жок эле. Анткени, ал убакта кыздын макулдугу менен эч ким эсептешчү эмес, сыртынан сынап, сымбаты таза кыз болсо, ата-энесинин макулдугу менен үйлөндүрө коюшчу. Бирок, Курманбек жактырбай, көрбөй сыртынан тандап үйлөнүүнү намыс көрөт. Ал анын Зайырбекке кайтарган жообунан ачык байкалат.

«Сулуу кыз барбы сенде деп,
Кыргыз кыпчак элде деп,
Калыңына беремин
Алтын, күмүш теңге деп,
Ар кайсы элди кыдырсам,
Атамда абийир калабы?»[2] —

деген каармандын сөзүнөн калың берүүнү, малга сатып алууну тескери көрүнүш катарында сүрөттөгөн элдик көз карап берилет.

Курманбек жалаң гана Тейитбектин «өз элимден кыз ал» дегенине эмес, жалпы эле атасынын ички турмушуна кийлигишине аябай наразы болот. Ал арачы болуп келип отурган Зайырбектин сөзүнө:

Атамда абийир калабы?»[2]
Бул айтканың кандай кеп?»[3]—

деп, аң-таң калат. Ушул жерде Курманбек айтканынан кайтпас, каарман катарында сүрөттөлөт. Кербенчилерден угуп, Бакбур кандын кызына ашык болгон Курманбекти түркмөн, тажик территориясынын кагырама кара таштуу чөлү да, анын бир айчылык жолу да, жер жүзүндөгү баатырдын бири да жене албаган Бакбур кандын баатырдыгы да аны чочута албайт. Ал калың берип, айлынан кыз алгысы келбейт. Өзү каалаган кишисине эчен кыйынчылыктарды жеңип чыгуу менен үйлөнөт. Бирок, Курманбектин Канышайга кылган мамилеси ошол кездеги шарттын тар рамкасынан чыгып кете албайт. Курманбек, бир жагынан, «сыртынан жактырып» кыз алууну намыз ойлоп, атасынын «алтын, күмүш акча» берип, өз элиндеги кызга үйлөнсүн дегенине каршы турган болсо да, экинчи жагынан, кыздын макулдугу менен эсептеше бербейт. Муну Курманбектин эрдигин угуп, бирок анын ким экенин билбеген Канышайдын өзүнүн ушундай тагдырына наалып,

---

[1] «Курманбек». 1957-жыл, 54-бет.
[2] «Курманбек», К. Акиевдин айтуусу боюнча, 1957. 54-бет.
[3] Жогоркудан караңыз, 55-бет.



жакын көргөн жеңесине кайрылуусунан учуратууга болот. Поэмада:

«Бермек болду атакем
Жолоочу келген балага,
Кагылайын жеңеке
Кайгы түштү санаага»[1].

же:

«Оюна жетпейт кыз байкуш,
Адамзаттын корубу?»[2] —

деген ыр саптары учурайт. Анткени Канышайда «Кожожаш», «Төштүк» эпосторунда жолуккандай эркин жар тандоо укугу жок. Анын эркиндиги анын макулдугусуз, акыл-кеңешсиз Курманбекке баш ийдирилет.

Мында ошол кезде патриархалдык-феодалдык түзүлүштүк мамилелердин ата балага баш ийүү, кыз ким болбосун атасынын тапкан кишисине каршылыксыз турмушка чыгуу сыяктуу издери сезилгенсийт. Бул сыяктуу көрүнүштөр «Төштүк», «Кожожаш» эпосторунда жар тандоонун байыркы үлгүсү орун алгандыгын көрсөтөт. Поэмада Бакбуркан кызына эр жүрөк баатыр Курманбекти жар кылып тандайт. Ал кызын кемсинтип малга сатууну туура эмес деп таап, өзүнүн жалгыз кызынын жарын элдин коргону, чеби кылып көргөсү келет. Бакбуркан Курманбектен жеңилгенден кийин убадасы боюнча Канышайды бермек болуп, эл бийлеген кадырлууларына кеңеш салат. Алар менен макулдашып «ордо кыздан отузду, сынаакы сулуу келинден отузду кырк жигит кошуп, тосуп келгиле, деп жиберет. Канышай макул болсо да, макул болбосо да, Бакбуркан өзүнүн айткан антын аткаруучудай. Ал эми Канышай менен Курманбектин иши да жоктой. Албетте, бул сыяктуу көрүнүш эпостун кемчилиги эмес. Поэмада биринчиден, сүйүү темасы баатырдык темага баш ийдирилген. Бакбуркан кызынын эркин майда максатка байлап жаткан жери жок. Анын өзүнүн сынына толгон эчен тоскоолдуктарды баатырдык, кайратуулук менен жеңип чыккан Курманбек кызына да жагат деп ишенет.

Эл поэмага бул сыяктуу көрүнүштү киргизүү менен малмүлккө карама-каршы адамдагы баатырдык, каармандык жакшы сапаттарды даңазалайт. Ошентип Курманбек өзүнүн кайраттуу тартынбастыгы менен Канышайга үйлөнөт. Бул вариант боюнча анын Канышайга үйлөнүшү поэманын ички өзө-

---

[1] «Курманбек». К. Акиевдин айтуусу боюнча, 1957, 79-бет.
[2] Жогоркудан караңыз, 79-бет.

гүндө акталат. Курманбектин Канышайга үйлөнүшү менен ата менен баланын ортосундагы курч конфликти башталат. Муну жөн эле ата менен баланын ортосундагы пикир келишпегендик гана катарында кароого болбойт. Ал экөөнүн ортосундагы конфликти эски менен жаңы күчтүн ортосундагы курч күрөштү белгилейт. Анткени, ошол кезде кыргыз коомчулугунда патриархалдык-феодалдык этика өкүм сүрүп турган мезгилде Курманбек биринчилерден болуп атасынын эркине каршы өзүнүн каалаган кызына үйлөнүп, атанын эркинин ченемсиздигин белгилеген эски традицияны бузду. Бул аталык «авторитетке, урулган чоң сокку болду. Эки сөз карашты белгилеген ата менен баланын ортосундагы карама-каршылык өлкөнүн башына коркунучтуу иш түшкөн мезгилде эки каарманды тиешелүү сапаттары менен ачык көрсөттү. Башына кыйынчылык иш түшкөндө да Курманбек өз салмагында тура алды. Өзүнүн күрөшүнүн адилеттүүлүгүнө көзү жеткен Курманбек кырк жигиттин колдобой койгондугуна, алдында эчен согуштарда өзүн көрсөткөн Телторудай аттын жоктугуна карабастан, калмактарга каршы согушууга атганды. Ал эми элдин башына оор кыйынчылык түшкөн мезгилде табигый сараң Тейитбектин жүзү ачык белгиленди. Ал өзүнүн тамтыракайы чыккан сыймыгы үчүн күрөштү. Тейитбек ага кеңеш акыл салбагандыгы, аны ата деп сый көрсөтпөгөндүгү үчүн Курманбекке атын бербей коёт.

Ушул сценада Тейитбек менен Курманбекти карама-каршы коюу менен Курманбекке тиешелүү жаңы сапаттар ачылат. Бул сценада Курманбектин образы бардык жагынан толук сүрөттөлөт. Ал атасынын туура эмес пикирлерине моюн суна бербейт. Ошондуктан анын патриархалдык-феодалдык салтсанаага сугарылган моралын четке кагат. Анын атасынын сөзүнө кирбеши Курманбектин жаңы көрүнүшкө карата умтуулусун белгилөө катарында киргизилген. Ал атасынын макулдугусуз жар тандап алуу менен ошол кезде үстөмдүк кылган этиканын нормаларына каршы чыгат. Ошондо да Курманбек атасынын көңүлүн оорутпоого аракет кылат. Ал анын калмактардан кайтканда атасына кылган мамилесинен көрүнөт. Курманбек калмактарды жеңип абийирдүүлүк менен калкына келиши бүткүл кыргыз элин кубандырат. Бирок, ошол тосуп чыккан элдин арасында атасы Тейитбектин жоктугу аны тынчсыздандырат. Атасына ызаат кылып, колун бооруна алып, өзүнөн өткөн-кеткен кемчилиги болсо, кечирип коюну сурайт. Атасынын акылына көнбөй бир айлык жол басып, бир канча алтын, күмүш чачуу менен Канышайга үйлөнүшү табигый сараң Тейитбек менен Курманбектин ортосунда конфликтинин башталышы болот. Баласынын тилин албай коюшу аталык «авторитетимди» төмөндөтөт деп, сезген Тейитбек кийин Телтору атты бербей коюп, өз элинин душманы болуп чыгат.



Бирок, Курманбек атасынын астында балалык милдетти аткарат. Ал анын кылык-жоругун сараңдыкка такап, сараңдыктан чыккан иш деп болжолдойт. Курманбек атасы атын бербей, кыйынчылык башына түшүп турган мезгилде да аталык сезимди ыйык деп сезет. Анын алдында ага кол шилтеп, балалык милдетти булгагысы келбейт. Анын атаны жогору баалагандыгы «атты бербеди, тартып алалы» деген кырк жигитине:

«Өз атамды өлтүрүп,
Анан кайда барып батамын.
Адам угар сөз эмес,
Жигиттер сенин бул кебиң»[1] —

деп, кагып таштаышынан көрүнөт. Атасынан тартып алып ат минүүгө анын адамдык уяты мүмкүнчүлүк бербейт. Атты алуудан токтотуп турган күч—ал анын адамдык сыпаты, ата алдында балалык ыйык милдети болуп саналат.

Ал эми Мусулманкуловдун версиясы боюнча, Курманбектин атты тартып алуудан баш тартышы анын адамдык сапатынан эмес, шарыяттан, кудайдан корккон динчилдигинен келип чыгат. Ага поэмадагы төмөнкү сап далил боло алат:

«Шарыяттаң мен уктум,
Атага кылса акарат,
Болбойт экен деп уктум,
Атага кылса акарат,
Жаман экен деп уктум»[2]

Бул сыяктуу баа берүү белгилүү даражада элдик баатырдын адамкерчилик сапатына көлөкө түшүрөт. Натыйжада Курманбектин ички сезими өз объектисинен ажыратылат.

Ушундай эле Курманбектин үйлөнүшүнүн да поэмада эки бөлөкчө сүрөттөлүшү Курманбектеги сүйүү темасына эки башка түр берет. Курманбектин Канышайга үйлөнүшү К. Акиевдин версиясы боюнча, курч конфликтинин негизинде чечилет. Курманбектин Канышайга үйлөнүшүнө өз элинен кыз алып берип, өрүшүн кеңейтүүнү ойлогон атасы тарабынан да каршылыкка учурайт. Экинчи жагынан Бакбурканды жеңүү коркунучу турат. Бирок, бул кыйынчылыктардын баарын жеңип чыгат.

Ал эми М. Мусулманкуловдун версиясында мындай турмуштук чиеленишүүлөргө объективдүү сүрөттөөлөргө көтөрүңкү романтикалык тон берилет. Эпосто ашкере кайраткер Кур-

---

[1] «Курманбек», 1957, 91-бет.
[2] Кыргыз ССР Илимдер Академиясынын фондулук материалдарынан, инв. 785, 42-бет.

манбекке Қанышайдай перинин кызы жар болот. Албетте, Курманбектей баатырдын жарынын айлакер акылдуу, айдай сулуу перинин кызынын жар болушун эл өз идеалында жараткан. Бирок эл идеалында жаралган фантазия диндик жөрөлгөлөрдөн бөлүнүп чыкпайт. Бул версия боюнча Курманбектин Қанышайга үйлөнүш сценасы Семетейди Айчүрөктүн издеп келишине сырткы формасы боюнча бир аз окшошуп отурат. Бирок «Манас» эпосунда Айчүрөктү ак куу кебин кийгизип учуруу, ак куу болуп кубулуу сыяктуу фантазиянын элементтери орун алса да, ал турмуштук ордунан ажыратылган эмес. Белгилүү даражада фантазия өзүнүн таза формасында колдонулуп, героинанын кубулушу анын өз элин чексиз сүйүү, өз элинин көз каранды эместигин сактоого байланыштырылып, анын жеке сезими баатырдык темага баш ийдирилген. Натыйжада Айчүрөктүн Семетейди издеп келиши, анын Чачыкейге жолугуп, андан ак куу болуп кубулуп, шумкарын ала качышы сыяктуу көрүнүштөр бир максатта киргизилген. Айчүрөктүн «күйөө издеши» анын жеке сезимине эмес, элинин көз каранды эместигине байланыштырылат да, бул көрүнүштү сүрөттөөдө орун алган фантазия негизги окуяга жардам берип, ошону көркөм көрсөтүп турат.

М. Мусулманкуловдун версиясы боюнча Курманбектин Қанышайга үйлөнүшү эч кандай кагылышсыз өтөт. Атасынын ага нааразы болгондой деле жөнү жок. Ошондуктан, анын калмактар басып киргенде Телтору атын бербей коюшунун эч кандай себептери ачылбайт. Тескерисинче версияда:

«Касташкан душман көп экен,
Қалкымды душман чаппасын,
Қартайган чалың жатпасын,
Эч болбосо Тору аттын,
Қараанын мени сактасын»[1]

сыяктуу ыр саптарынын учуратылышы Курманбектин баатырдык кыймыл-аракетине күңүрт боёк берет. Анткени — бул версия боюнча Мадалкандын чыккынчылык иштери окуянын өнүгүшүндө даярдалбайт. Тескерисинче, поэмада Курманбектин ар бир кыймылынын бүдөмүк берилиши, окуянын өтүш ордунун алмашылышы бул версияда Мадалкандын образынан элдик жагын арттырат.

Бул версия боюнча, Мадалкан элдин камын ойлогон, элдин көз каранды эместиги үчүн жанын да курман кылуудан баш тартпай, өз элинин эркиндиги, анын тынчтыгы үчүн Курманбекке каршы туруп жаткандай сүрөттөлөт. Қ. Акиевдин вер-

[1] Кыргыз ССР Илимдер Академиясынын фондулук материалдарынан, инв. 785, 37-бет.



сиясы боюнча Курманбектин Қанышайга атасынын эркине каршы үйлөнүшү ата менен баланын ортосундагы конфликтинин күчөшүнө түрткү болот. Кийин калмактар Курманбектин калаасын курчап алган кезде атасынын Телтору атты бербей коюшу менен акталат.

М. Мусулманкуловдун версиясы боюнча, Мадалкандын баласына ат бербей коюшу мотивировкаланбайт. Тескерисинче, Курманбек адилетсиз иш жүргүзгөндүгү үчүн атасы ага каршы болгондой жыйынтык чыгат. Муну поэмадагы «Қалмактардын козголоңу» деген темадан ачык көрүүгө болот. Бул версия боюнча Мадалкандын Курманбекке ат бербей коюшу адилеттүүлүк. Анткени — эч кандай тиешеси, өткөн — кеткен кеги жок калмак элинин территориясын басып кирди. Коргонду калмак элинин күчү менен салдырып, кан болуп, бийлик жүргүзүүнү эңседи. Ушул себептүү Мадалкан өз баласына каршы чыкты. Анын жогорку сыяктуу адилетсиз иштери поэмадагы:

«Кармап алып журтумду
Кырганы келген турбайбы?»[1]

сыяктуу ыр саптары менен акталат. Бул ыр саптарына караганда Курманбек өз элине кайрымы жок, тескерисинче, анын кызыкчылыгына каршы турган каарман катарында ашкереленет.

Поэмадагы орун алган экинчи бир тема ал сүйүү темасы болуп саналат. Бул тема негизинен эки гана вариантта орун алган. Жерге-Талдык вариантта поэманын аягында Бегаалы делип, Курманбектин баласынын атынын эскертилгени болбосо, поэманын сюжеттик линиясынан такыр орун албайт. Демек, поэмада Курманбектин баласы эскертилгенден кийин сүйүү темасы бул вариантта да орун алган болуу керек. Ал кийинчерээк гана айтуучу тарабынан унутулган деп болжолдоого болот.

Қ. Акиевдин, М. Мусулманкуловдун варианттарында сүйүү темасы калмактардын Курманбектин коргонун курчап алышында ачыгыраак берилет. Қ. Акиевдин варианты боюнча, Курманбектин башына оор кыйынчылык түшүп, душман босогосун тепсеп турган мезгилде Қанышай Курманбектин бирден бир тиреги, жолдошу, акыл берүүчүсү катарында сүрөттөлөт. Ал айрыкча анын Курманбектин түшүн жорушунан байкалат. Түш көрүү эки вариантта тең орун алып, экөөндө тең Курманбектин түшүнө анын калмактардан жеңилип жарадар болорлугу кирет. Қ. Акиевдин варианты боюнча, Қанышай өзүнүн жалаң гана сулуулугу менен эмес, турмушка терең караган акыл-

[1] Кыргыз ССР Илимдер Академиясынын фондулук материалдарынан, инв. 785, 37-бет.

дуулугу, токтоолугу менен Курманбектей эл коргоочусунун жары болууга татыктуу экендиги айрыкча калмактардын басып киришинде көрүнөт. Алты миң калмактын колу коргонун курчап турган мезгилде да, акылдуу сөздөрү менен Курманбектин көңүлүн көтөрүп, аны шыктандырат. Өзүнүн кеңеш берүүчүсү катарында Курманбектин биринчи Каныщайга түшүн жорутушундагы ишеничи текке кетпейт.

Мына ушул түш жоруу Каныщайдын образын эки вариантта эки башкача чечкен. М. Мусулманкуловдун варианты боюнча Каныщай өз элинин, ал эмес, сүйгөн жарынын башына түшкөн-коркунучту да түшүнбөгөн сулуу аял катарында гана көрүнөт. Ал айрыкча Курманбектин түшүн жорушунан байкалат:

«Калмак келсе кашыңа,
Арбак конор башыңа.
Өлмөт келер башына...
Көөдөнгө найза аралап,
Кан акса сенден талаалап,
Кызыл кандын акканы,
Кызыл тору кыз алып
Кыз койнуңа жатканы.

. . . . . . . . . . . . .

Аз гана айбың бар экен,
Салыңды кылып саларсың»[1].

Эгерде М. Мусулманкуловдуку боюнча Каныщай Курманбектин эрдигине эрдик, кайратына кайрат кошуп, аны жеңишке шыктандыруунун ордуна өз керт башынын кайгысын тартып, дүрбөлөңгө түшсө, К. Акиевдин варианты боюнча Каныщай кыргыз элинин, сүйгөн жары Курманбектин башына түшө турган оор абалды алдын ала сезип, аны душманга моюн сунбоого үндөп жеңишке шыктандырат.

Ал эми К. Акиевдин варианты боюнча, ушул эле түштү Каныщайдын жорушунда анын Курманбекке болгон сүйүүсү баатырдын жеңиши менен ажырагыс экендигине төмөнкү ыр сабы далил:

«Көөдөнүңдү найза аралап,
Көкүрөгүңдү жаралап,
Көбүктөнүп кара кан
Көп куюлса салаалап,
Күчүнө батпай көп калмак
Качат экен талаалап»[2].

Поэмада бул сыяктуу ыр саптарынын орун алышы Курманбектей баатырдын жары Каныщайды акылдуу, алдынан сезер көрөгөч катарында көрсөтүүгө мүмкүндүк берет. Мына эми Курманбектин башына оор иш түшөт. Калмактар коргонун курчап алат. Астында Телторудай аты жок, жанында кырк жигиттей жолдоштору жок кыйналып турган Курманбекти көрүп, Каныщай дүрбөлөңгө түшпөйт. Тескерисинче, Курманбектин сансыз калмакка күчү жетпей, бир кырсыкка учурарын сезип турса да:

«Кылкылдаган калмактан
Кыраан элең шашпагын[1]»

— деп, калмактардын көптүгүнө карабастан, аны күрөшкө үндөп, жеңишке шыктандырышы анын майтарылбас кайратын, эркинин күчтүүлүгүн көрсөтөт.

Ал эми ушул калмактарга каршы Курманбектин күрөшүн сүрөттөөдө М. Мусулманкуловдун варианты боюнча Курманбектин да, Каныщайдын да образдарынын эпостун оң каармандарына мүнөздүү эмес начар жактары күчөтүлөт. Курманбектин элинен кайтканын уккан калмактар анын коргонун курчап алат.

К. Акиевдин версиясы боюнча, мына ушундай оор кырдаалда Каныщай аягына чейин баатырдын жарына мүнөздүү кайраттуулуктун, токтоолуктун, акылдуулуктун үлгүсүн көрсөтө алат. Каныщай каргадай баласы менен оор күндө калаарын, Курманбектин майып болорун сезсе да, өзүнүн жеке керт башынын кайгысына берилип, дүрбөлөңгө түшпөйт.

М. Мусулманкуловдуку боюнча, калмактардын коргонун курчап калганын көргөн Каныщай дүрбөлөңгө түшүп, Курманбекке кайрат, акыл берүүнүн ордуна:

«Асыл төрө Курманбек,
Бул дүйнөдөн таясың»[2]

же:

«Бурулуп найза саласың,
Бул дүйнөдөн жанасың»[3].

— деп, күрөштүн башталышында эле ындыны өчөт. Поэмадагы бул сыяктуу көрүнүш Курманбектей баатырдын жарын алсыз, кур кайгычыл кылып көрсөтүү менен жалпы эле кыргыз оозеки адабиятында түзүлгөн эң жогорку акылдуулуктун, кайраттуулуктун үлгүсүн көрсөткөн традицияга терс көлөкө түшүрөт. Бул вариант боюнча, Каныщай перинин кызына тиешелүү болгон укмуштуудай касиеттүүлүктү да көрсөтө албайт, же кадимки кыргыз кыздары ээ болгон кайраттуулук,

[1] Кыргыз ССР Илимдер Академиясынын фондулук материалдарынан, инв. 785, 51-бет.
[2] «Курманбек». 1957-жыл, 96-бет.



[1] Жогоркудан караңыз, 104-бет.
[2] Кыргыз ССР Илимдер Академиясынын фондулук материалдарынан, № 785, 52-бет.
[3] Ошонун өзүндө, 53-бет.

акылдуулуктан да алыс. Натыйжада Каңышайдын образы жеткиликтүү иштелген эмес. Айрыкча Курманбектин калмактарга каршы согушууга аттануусунда анын образына пессимизмдин издери кирип кеткен. Каңышай Курманбектин калмактарга каршы согушуусу менен өзүнүн да, жада калса, алты жашар баласынын да жашоосу токтолгондой сезет. Курманбектин чылбырына оролуп:

«Сен өлгөндө мен өлөм,
Экөөбүз бирдей тең өлөм»[1]

— деп, босогосун басып кирип жаткан калмактарга каршы аттануусуна тоскоолдук кылышы анын жеке сезиминде канчалык жекечилдиктин күчтүүлүгүн көрсөтөт.

К. Акиевдин варианты боюнча ушул эле эпизоддо Курманбек жалаң гана баатыр эмес, элинин, үй-бүлөсүнүн камкорчусу катарында көрсөтүлөт. Бул вариантта оң каармандарга көнүл чөгөрү, карбаластоо, дүрбөлүңгө түшүү, ындыны өчүү жат. Поэмадагы согушка жөнөөр алдында Курманбектин бооруна уулун кыса кучактап, көздөн жаш агызышы анын кайратсыздыгынан, коркоктугунан эмес. Биринчиден, өз атасынын атбербей душманга көмөк бериши, адал жесе бир, арам жесе бир жеген кырк жигиттин башына кыйынчылык иш түшкөндө жардам берүүдөн баш тартышы аны капа кылды. Анткени, ал деле турмуштагы адам сыяктуу кулк мүнөзгө, аталык мээримге ээ. Ошондуктан өз катарынан душмандын чыгышы жалгыз баласынын келечеги, кыргыз элинин тагдыры жөнүндө тынчсыздануу убактысынча көңүлүн чөгөрдү.

Бирок, ал ушундай капалуу ойдун түбөлүктүү туткуну эмес. Сансыз калмакка Телторудай аты кырк жигиттей жолдошторy жок каршы тура албасына, өзүнүн мерт болоруна да түшүнөт. Ошондо да өзү өлгөндөн кийинки кыргыз элинин келечегин ойлоп тынчсызданат. Муну Курманбектин баласына карата кайрылуусунан ачык көрүүгө болот. Атасынын кайгылуу түшүн угуп, баласы Курманбектен ала кетүүнү суранат. Бирок, аны Курманбек өзү менен кошо ала кетүүдөн баш тартат. Анткени ал, биринчиден, жаш баласынын өмүрүн аяса, экинчиден, алты жашар баланын кайраттуу сөзү анын көңүлүн жибитип, мен өлсөм да кыргыз элинин эркиндигин коргойт го деп ишенет. Анын баласынын өмүрүнө караганда кыргыз элинин эркиндигин, келечегин жогору койгондугу төмөнкү ыр саптарынан көрүнүп турат:

«Сен да өлсөң, мен да өлсөм,
Аркабызда калар жок,

[1] Кыргыз ССР Илимдер Академиясынын фондулук материалдарынан, инв. № 785, 59-бет.



Экөөбүз тең кеткен соң,
Өчүмдү жоодон алар жок»[1].
. . . . . . . . .

же:

«Калың кыргыз, кыпчакты,
Кас душмандан ким багат»[2].

Варианттагы ушул эпизоддо Курманбектин кыргыз баатырына таандык намыскөйлүк, эр жүрөктүүлүк, токтоолук сапаттары ачылат. Ал турмуштун оор кыйынчылыгы башына түшкөн мезгилде да эч кандай дүрбөлөңгө түшпөстөн:

«Кайтып эсен келермин,
Акжолтоюм кармаса»[3]

— деп, келечекке ишенүү менен жоого аттанат. Бул кыргыз баатырынын эң оор кырдаалда да духовный жактан күчтүүлүгүн көрсөтөт.

Мына ушул эле эпизод М. Мусулманкуловдун вариантында да орун алган. Бирок, бул варианттын айрыкча ушул жери дингe, пессимизге тумчуккан. М. Мусулманкуловдун варианты боюнча, Курманбек эл каарманына таандык токтоолук, акылдуулук, чечкиндүүлүк сапаттарынан алыс. Ушул көрүнүштө диндик жөрөлгөлөрдүн терең кирип кетиши элдик каармандын образына көлөкө түшүргөн. Натыйжада Курманбек эрксиз күчсүз кандайдыр бир «күчтүн» дөңгөлөкчөсүнө айланган. Ал айрыкча «Калмактардын козголоң чыгарганы» аттуу темачада тереңдетилет. Курманбектин күчсүздүгү, дармансыздыгы анын төмөндөгү өз сөзү менен берилет:

«Алда таала кудурет,
Сизге кылар мээрбан,
Менде жоктур эч дарман»[4].

Бул ыр саптарына караганда кандайдыр бир сокур сезимдин туткунунда жетектелген алсыз.

Бул вариант боюнча кырк жигиттен тартып, Курманбек, Каңышайга чейин коён жүрөк коркок. Калмактар басып киргенде бир да акыл айтар тайманбас каарманды көрө албайсың. Алар калмактарга каршы туруунун ордуна «кайгырып баары ыйлашып, кара жанын кыйнашып» өздөрүнчө дүрбөлөңгө түшүшөт.

Ал эмес:

«Калмактан кантип калабыз,
Кайран кыргыз калкыма,
Кантип эсен барабыз»[5].

[1] «Курманбек». 1957-жыл, 99-бет.
[2] Жогоркудан караңыз, 99-бет.
[3] «Курманбек» 1957-жыл, 104-бет.
[4] Кыргыз ССР Илимдир Академиясынын фондулук материалдарынан, инв. № 785, 56-бет.
[5] Кыргыз ССР Илимдер Академиясынын фондулук материалдарынан, инв. № 785, 58-бет.

—деген сыяктуу ыр саптарынын учуратылышы жалпы эле кылымдар бою кыргыз элинин чет элдик басып алуучуларга жүргүзгөн баатырдык тайманбас күрөшүн бурмалап, жалпы кыргыз жоокерлерин коркок, алсыз катарында сүрөттөйт. Бирок, алардын жеңиши тагдырдын буйругунан жогорку күчтүн жардамы менен ишке ашат. Бул вариант боюнча диндик жөрөлгөлөр Курманбекти жетелейт. Натыйжада Курманбек өлүмгө моюн сунуп:

> «Дамбылдасын чакыртып,
> Жаназасын окутуп
> Кепин тонун кийип»[1]

калмактарга каршы согушууга аттанат.

Анын өлүмгө моюн сунушу К. Акиевдин вариатындагыдай элдин кызыкчылыгынын, алардын эркиндигинен келип чыгып жаткан жери жок. Анын өлүмгө моюн сунуп, алланын алдында өзүн алсыз, күчсүз сезгендигинен келип чыгып отурат. Мусулманкуловдун варианты боюнча, Курманбек жанында кырк жигиттей жолдошу болгондугуна карабастан, жеңилишке учурап, жарадар болот.

Эгерде К. Акиевдин вариантында Курманбектин бирден-бир жеңилишине ага кырк жигитинин колдоо бербей ички феодалдык бытырандуулук жана атасынын ат бербей коюшу себепчи болгон болсо, М. Мусулманкуловдуку боюнча кырк жигиттин Курманбек менен үзөнгүлөш жоого каршы аттангандыктарына карабастан, анын жеңилишке учурашы белгилүү даражада поэмада ашырылмакчы болгон элдик идеяны күңүрттөтөт.

Жерге — талдык вариант бул сыяктуу пессимизмдин изderинен жат. Мында да Курманбек К. Акиевдин вариантындагыдай тайманбас, баатырдык сапаттарга ээ. Албетте, вариант толук эмес болгондуктан, көп эпизоддор орун албайт. Алса да өтө кыскартылган түрдө баяндалат. Бирок да ошол эле кыскартылган эпизоддон вариантта ашырылган идеяны ачык байкоого болот. Бул вариантта жогорку М. Мусулманкуловдун, К. Акиевдин варианттарында кезиккен кырк жигит орун албайт. Курманбек калмактарга каршы урушууга жакын жолдошу Кадыр менен аттанат. Бул вариант боюнча да Курманбек эр жүрөк баатыр, өз элинин эркиндигин коргогон намыскөй—жоокер катарында сүрөттөлөт. Ал эми анын баатырдык жүзү жыйырма күн, жыйырма түн жол басып чалгын чалып, жер чөбүнөн көп калмактарды көрүп турса да, анын көптүгүнөн коркпостон, «жетимиш айчык туу экен» деген кенебеген сөзүнөн көрүүгө болот.

Андан кийин поэмада Курманбектин согушта жарадар болушу үч вариантта тең орун алат. Жарадар болуп жаткан жеринен Аккан келип үстүнөн чыгат. К. Акиевдин, Каландаровдун варианттары боюнча Курманбек өлөт. К. Акиевдики боюнча Курманбектин өлөр алдында калтырган керээзинин орун алышы анын образына күчтүү сапаттарды киргизген:

[1] Жогоркудан караңыз, инв. 785, 59-бет.



> «Калмактан кантип жан сактайт,
> Кайгырам калган эл үчүн»[1]

сыяктуу ыр саптарынын учуратылышы поэманын аягына чейин каарманды элдик батырдын тура турган дэңгээлине көтөрө алган.

Курманбектин өлөр алдында да кыргыз элинин тагдыры жөнүндө тынчсызданып жатып өлүшү менен Ата Мекенди сүйүү, элди-жерди коргоо, анын эркиндиги үчүн өмүрүн да зарп кылуу деген идеялар ишке ашкан. Курманбек өлөт, өлөөр алдында алты жашар баласын «келечекте кыргыз элинин калканчы боло алат го» деп ишенет. Ошондуктан, баласын Акканга тапшырып, анын келечеги үчүн шарт түзүүнү суранат. Ал эми бизде, кыргыз элинин үрп — адатында өлгөндүн сөзүн сыйлоо, ага урмат көрсөтүү өтө күчтүү өөрчүгөндүгү белгилүү. «Манас» эпосунда Манас өлөөр алдында Каныкейге, «күйөөсү өлгөндөн кийин төркүнү жакын болот деп уккамын, Семетейди алып төркүнүңө баргын» — дейт. Анткени — Манас өзү өлгөндөн кийин Семетейдин кысымчылык көрөрүн алдын ала сезет. Ошондуктан, балтыр эти толуп торолгончо, таятасынын колунда коркунучсуз тура турсун деген ойго келет. Манас өлгөндөн кийин Каныкей Семетейди алып атасыныкына барып, он эки жыл толуп, элине ээ болууга учуру келди го деген кезде Таласка жөнөтөт.

Мындай учурлар кыргыз оозеки адабиятында көп учурайт. Ал эмес, өлгөндөн калган туякты тууруна кондуруу, баланы эли — жери менен таанытуу аялдын мойнундагы милдет катары жүктөлөт. Ал эми «Курманбек» поэмасында Курманбектин өлгөнүн уккан Канышай өзүн өзү өлтүрөт. Бирок бир эпизоддо эле бири-бирине карама-каршы ыр саптарынын орун алышы Канышайдын өлүшү кийин гана киргизилгенби деген ойго алып келет. Анткени — поэманын негизги каарманы Курманбектин өзү да баласын келечекте кыргыз элинин коргоочусу катарында көргүсү келет. Ошондуктан анын баланы тууруна кондуруууда Канышайдын ролун жогору баалагандыгына поэмадагы:

> «Атаң кетсе, апаң бар,
> Неминеден капаң бар?
> Ойноо бала балапан

[1] «Курманбек», 1957, 99-бет.

Ойлобогун кайгы зар,
Жолотпойт сени чалыма,
Каралды кылат жанына.
Жетилгенде жалгызым
Аттанарсың камына»[1].

сыяктуу ыр сапарынын учуратылышы далил боло алат. Курманбек Канышайдан кокустан мерт болсо, айнектей бетин жыртып «кудайга» наалат кылбоону суранат. Поэмада:

Катында болсо Канышай,
Ээлеп турсун каламды.
Эл-журтума мен жактан,
Айтып өт, досум, саламды[2].

сыяктуу ыр саптарынын орун алгандыгына караганда Канышайдын мойнуна өтө оор, өтө зор милдет жүктөлөт. Курманбек ага жалаң гана уулу эмес, бүткүл эли-журтунун тагдырын тапшырат. Ошондуктан Канышай башчысыз калган элди башкарып, Курманбектен калган туякты эл башчысы кылып тарбиялоого милдеттүү. Ошондо гана ал жолдошунун ишенимин эл алдында актай алган болот. Ал эми кыргыз оозеки адабият традициясында өлгөндүн осуятын орундоо аны сыйлоонун бир тармагы катарында белгиленет. Жалпы эле кыргыз эпосторунун традициясында мындай факты жокко эсе. Ал гана эмес, артында баласы калганына карабастан, күйөөсүнүн артынан өлүү кыргыз элинин арасында терс көрүнүш катарында бааланат. Ошондуктан элдик эпостордо Каныкейдин, Айчүрөктүн, Зулайканын образдарын жогору баалашат.

«Курманбек» поэмасында жогорку келтирилген ыр саптарына карама-каршы келген кандайдыр Канышайдын өлүшүн Курманбек жактагандай болгон:

«Курдашын өлдү дегенде,
Канышай өлөөр мен үчүн»[3]

сыяктуу ыр саптары учурайт.

Жогорку сыяктуу айтуучу тарабынан карама-каршы пикирлердин учурашы эпостогу Канышайдын образынын салмагын төмөндөтпөйт. К. Асаналиев поэмадагы каармандын өлүмүн «күчсүздүктүн, үмүтсүздүктүн белгиси эмес, тескерисинче өзүнүн сүйгөн жарына биротоло берилгендиктен, чоң өлүмдөн да коркпос терең сүйүүнүн белгиси катарында белгилейт. Поэмада сүйүү темасынын чечилиши оозеки адабияттын традициясына карама-каршы келишин белгилүү даражада

1 «Курманбек», 1957, 99-бет.
2 Жогоркудан караңыз, 128-бет.
3 «Курманбек», 1957, 128-бет.



К. Акиедин чыгармачылыгына чыгыш элдеринин адабиятынын тийгизген таасири деп болжолдогон К. Асаналиевдин пикиринде чындыктын үлүшү да болушу мүмкүн. Анткени — К. Акиев боордош башка чыгыш элдеринин жана казак элинин оозеки адабияты менен аз да болсо тааныш болгон. Айрыкча казак элинде кеңири айтылуучу «Кыз Жибек», «Козу Көрпөш менен Баян Сулуу» ж. б. поэмалар кыргыз тилинде да кеңири катмарларга белгилүү болгон. Алардын негизги мазмундук линиясы сакталып, көбүнчө кара сөз формасында айтылып, өлбөс-өчпөс сүйүүнү даңазалаган.

Ал эми жогорку биз көрсөткөн поэмада Курманбектин өз сөзү менен бирде Канышайдын өлүшүн жактаган, бирде эли—жеринин, баласынын тагдырын тапшырган карама-каршылыктардын учурашы акынга кыргыз оозеки адабиятында өкүм сүргөн традицияны бузуу кыйынчылыгынан келип чыккан болуу керек. Бул жерде К. Акиев чыгыш элдеринин адабиятында бекем орун алган өлгөндүн артынан өлүү чын сүйүүнүн символикасын белгилеген традицияны кыргыз оозеки адабиятына которгон. Кыргыз оозеки адабиятында өлгөндөн калган туякты тарбиялоо, өстүрүү чыгыш элдеринин адабиятындагы өкүм сүргөн сүйүүнүн тунук элесин берген традиция менен терең айкалышкан. К. Акиев кыргыз элинин фольклордук казынасын чыгыш элдеринин адабиятындагы жакшы салттар менен байыткан. Ошондуктан муну да, тигини да адабияттагы терс көрүнүш катарында баалоого болбойт. Ал эми кыргыз элинде бул көрүнүш көбүнчө анын ар дайым чет элдик басып алуучулар менен чабышып тургандыгынан келип чыккан болуу керек. Кыргыз элинин эпосторунда эркек баланы тилөө кыргыз элинин эркиндиги менен байланышкан. Кыргыз эли бала туулгандан күндөн тартып, «Эр жигит эл четинде, жоо бетинде, эр жигит үйдө туулат, жоодо өлөт» деп, туулган бала өз элине кызмат кылат деп ишенишкен. Ошондуктан ар дайым өлгөндөн калган жетимди багып чоңойтуу аялдын мойнуна жүктөлүп, жеке сезим көпчүлүктүн кызыкчылыгына баш ийдирилген.

К. Акиевдин вариантында жогорку кыргыз эпосторуна тиешелүү традиция бузулат. Канышай баласынын тагдырын Акканга тапшырып, Курманбектин артынан өлөт. Бирок, мында турмуштан күдөр үзүү, ындыны өчүү сыяктуу тескери идеялар «Курманбек» поэмасына жат. Канышайдын өлүшү поэмада анын сүйгөн жарына берилгендикти белгилейт. Оң каармандардын өлүшү поэмага пессимизм идеяларын киргизбейт. Окуя Курманбектин өлүшү менен анын ишин, күрөшүн уланта турган баланын калышы менен аякташы Курманбектин жүргүзгөн күрөшүнүн жеңилбестигинин далили боло алат.

Жерге-талдык вариантта да окуя ушундай эле чечилет. Бирок, экөөндө тең Курманбектин өлүшү күчсүздүктү, алсыз-

дыкты көрсөтпөйт. Тескерисинче Курманбектин астында Телтору аттын жоктугу, кырк жигиттин колдоо бербей коюшу сыяктуу эпизоддордун поэмага киргизилиши анын баатырлыгын ого бетер күчөтөт. Бул эпизоддон эки идеяны түшүнөбүз Курманбектин эли-жерине өтө берилип, чын жүрөктөн сүйгөндүгү айкындалат. Бул Курманбектин эли-жеринин эркиндиги үчүн жалгыз жоого каршы аттанышы менен далилденет. Экинчиден, жалгыз киши канчалык акылдуу, канчалык баатыр болгондугуна карабастан, жеңилишке учурайт деген идея ишке ашат.

Эпосто жогоруда аталган образдардан башка да Аккан, Бакбуркан сыяктуу оң образдардын орун алышы Курманбектин образына толуктоо киргизип, поэмада көтөрүлгөн баатырдык теманы тереңдетип турат. Поэманын башталышында эле Аккан хандык кылып турган Кашкар хандыгына Үрүмчү, Үч-Арал, Текес-Кыяз, Жаңы-Жерден тартып, Турпанга чейин карагандыгы белгиленет. Кашкар территориясына ар дайым чет элдик басып алуучулардын коркунуч туудуруп турушу аркасында ошол учурдагы кашкар элинин оор абалы Аккандын төмөнкү өз сөзү менен берилет:

«Элимдин четин бөлдүрүп,
Калмак да келип чаап алат.
Кайта — кайта олжолоп,
Кастык менен мал алат.
. . . . . . .
Дүбүрөтүп тынчытпай,
Кайрат, күчтү кетирип,
Дунган да келип кол салат.
Кабаттап калың олжо алат»[1].

Ал эми анын эли-жеринин эркиндигин коргоочусу экендигине поэмадагы:

«Калкыңа ээлик болбойт деп
Менин башыма жаман ат калат»[2]

деген Аккандын сөзү далил болот. Ошондуктан, Аккан Курманбек менен өз кертбашынын кызыкчылыгы үчүн достошпостон, анын:

«Каарына душман батпаган,
Калкын аман сактаган»[3]

ашкан баатырдыгы, кайраткердиги үчүн кашкар элинин кызыкчылыгын көздөп жакындашат. Аккандын жалаң гана өз элинин калканычы, күрөшүүчүсү гана эмес, мээримдүү дос, адамгерчиликтүү жолдош экендиги кийинки Курманбектин жарадар болуу эпизодунда терендетилет. Анын жарадар Курман-

[1] «Курманбек», 1947, 46-бет.
[2] «Курманбек», 1957, 47-бет.
[3] «Курманбек», 1957, 47-бет.



бекке, кайгылуу Канышайга, жетим тайлактай бозоргон Сейитбекке кылган ар бир мамилесинен адамгерчиликтин, боорукерликтин жыты аңкыйт. Поэманын аягында Тейитбектин Аккан тарабынан жок кылынышы, биринчиден, Аккандын жалпы эле акыйкат үчүн күрөшкөн каарман экендигин айкындаса, экинчиден, Аккандын Курманбектин үй-бүлөсүнүн, анын кертбашынын гана эмес, эли-жеринин да тагдыры жөнүндө тынчсызданышы эки элдин улуу достугунун символу боло алат.

Эпосто экинчи бир эсте кала турган каарман Бакбуркандын образы болуп эсептелет. Ал дагы өз элинин көз каранды эместигин сактаган баатырдагы, кайраттуулугу менен Курманбек, Аккандын образдарына жакындашат. Ал эми анын ашкере кайратуулугуна жетимишке чыгып, ал-күчтөн тайып калгандыгына карабастан, жыйырма төрт жаштагы ач жолборстой алкынган Курманбекке айбат кылып, аны менен сайышкандыгы күбө боло алат. Ошону менен катар анын өз күчүн сындан өткөрүп, баатырдыгы менен көзгө көрүнгөн адамга Канышайды берүүгө убада кылышы, анын жөн эле эсиргендигинен чыгып жаткан жери жок. Бакбуркандын Канышайдын жарын баатыр жоокер болушун каалагандыгы ооган элинин кызыкчылыгынан келип чыгат. Бакбуркан поэмада элдин күрөшүүчүсү, адилеттүү башкаруучу катарында сүрөттөлөт.

Эпосто оң образдарга Дөлөн, Экез, Тейитбек сыяктуу терс каармандар карама-каршы коюлат. К. Акиевдин варианты боюнча терс каармандар өлкөнүн ички жана тышкы душмандары болуп, эки топко бөлүнөт. К. Акиевдин вариантынан ар кандай ички-тышкы душмандардын кыянатчылык иштери ачык берилет. Ошондуктан бул, же тиги терс каарманга баа берүүдө бүдөмүктөнүүнү туудурбайт. К. Акиевде терс каармандын өз сөзү менен:

«Атаң Корун барында
Абаң Экез жанында,
Кыргыз менен кыпчакты
Эки кабат чаап алган»[1] —

делип, учурунда Экез, Корун тарабынан кыргыз элинин кордук көргөндүгү эскертилет. Демек, Корун, Экез тынч жаткан элдин тынчтыгын бузган терс каарман катарында бааланат. К. Акиевдин варианты боюнча Экез учурунда кыргыз элине кордук көрсөткөн жалаң гана баскынчы катарында көрсөтүлбөстөн, учуру келгенде таамай сүйлөгөн калыс адам катарында да сүрөттөлөт. Ал анын:

«Өткөн өчү болбосо,
Курманбек баатыр келеби?»[2]

[1] «Курманбек», 1957, 27-бет.
[2] «Курманбек», 1957, 27-бет.

—деп, өткөн акыйкатсыз ишин мойнуна алышынан, же:

«Убайым сага тарттырбай,
Эл тынчытып келели»[1]

—деп тынчтык жол аркылуу Курманбек менен элдешүүгө Дөлөндү чакырышынан көрүнөт. Жогорку сыяктуу ыр саптарынын поэмадан орун алышы Экезди бир жагынан, басып алуучу, экинчи жагынан, алдын ала сезгич, көрөгөч, адамдын баатырдыгына, кайраттуулугуна баа бере билген адам катарында сүрөттөөгө мүмкүндүк берет.

Поэмада Экез менен катарлаш орун алган терс каарман калмактын каны Дөлөн болуп эсептелет. Дөлөндө Экезге мүнөздүү болгон кылдаттык, сезгичтик жок. Ал Курманбекке тен келе албастыгын билсе да, аны менен жарашууга таптакыр каршы болот. Анын илгертеден белгилүү Экездей кадырлуу баатырынан ал гана эмес, калмак элинин өмүрүнөн кургак намызды мал-мүлктү жогору койгондугуна поэмадагы

«Карсылдашып чабышып,
Калың калмак эл өлбөй,
Кантип берем малымды
Карагай найза өңөрбөй»[2].

сыяктуу ыр саптары далил болот.

Жогору жакта Курманбек жети күнү күтүнүүгө уруксат берип, уруштун бардык эрежелерин сактаган болсо, Дөлөн кабарсыз Курманбектин коргонун курчап алат. Ал эми, анын эки жүздүүлүгү, адилетсиздиги Курманбекке кылган мамилесинен ачык көрүнөт. Курманбекти өлтүрүүдө да согуштун эрежесин бузуп, жөө калган Курманбекти аркасынан сайып кетет. Поэмага бул сыяктуу сценанын киргизилиши анын эки жүздүүлүгүн, кара ниет адилетсиздигин белгилейт.

Корутундулаганда, эпосто сүйүү темасы баатырдык темага баш ийдирилип, эл арасында кеңири тараган элди-жерди чет душмандардан коргоо, анын көз каранды эместиги үчүн өмүрүн да зарп кылуу сыяктуу патриоттук идеялар кубатталган.

[1] «Курманбек», 1957-жыл, 27-бет.
[2] Жогоркудан караңыз, 27-бет.



## ПОЭМАНЫН КОМПОЗИЦИЯЛЫК ТҮЗҮЛҮШҮ ЖАНА КӨРКӨМДҮК ӨЗГӨЧӨЛҮГҮ

Мазмун жана форма ажырагыс бир бирдикти түзө тургандыгы бизге белгилүү. Ошондой болгондон кийин эпостун мазмунунун өзгөчөлүктүүлүгү анын формасына да таандык. Поэманын мазмуну бир нече кылымдын ичинде оздон-оозго, укумдан-тукумга өтүп, өзгөртүүлөргө, толуктоолорго учураган сыяктуу форманын бир элементи болгон анын композициялык түзүлүшү да ар бир айтуучунун жеке көз карашына, чыгармачылык талантына жараша өзгөрүүлөргө дуушар болот. Ал эми бул, же тигил даражада поэманын композициялык түзүлүшүнүн жакшырышы, же начарлашы ар бир айтуучунун элдик ар түрдүү ыкманы чыгармачылык менен колдоно билүүсүнө байланыштуу экендиги түшүнүктүү.

«Курманбек» эпосунун бизге белгилүү үч варианты бар. Үчөөндө тең негизинен жалпы бир мазмундук линия сакталган. Бирок, көтөрүлгөн идеяны окуучуларга жеткирүүдө үч вариант үч башка айырмалуу композициялык түзүлүштү берген. Эпосто окуянын башталышы эки вариант боюнча (М. Мусулманкуловдун, К. Акиевдин) негизги каарман Курманбектин жарык дүйнөгө пайда болушун баяндоо менен башталат. Жогорку эки вариант боюнча Курманбектин төрөлүшүн баяндоодо кара сөз формасындагы баяндоо колдонулат. Каармандын пайда болушу кыргыз оозеки адабиятындагы орун алган традициядан ажырабайт.

Баланын үнүн угууга зар болуп, кырктын кырынан эңкейип калган кезде Тейитбек хандын Сулайка деген аялынан Курманбек аттуу бала төрөлөт[1]. Ушул эле кара сөз формасындагы баяндоодо «ошол убактагы кыргыздардын калмактардан көп кордук көргөндүгү» эскертилет. Поэмада бул сыяктуу окуянын экспозициясынын ишенимдүү даярдалышы кийин Курман-

[1] К. Акиевдин варианты боюнча.

бектин калмактарга каршы согушка аттануусунда эч кандай шектенүүнү туудурбайт. Ал эми М. Мусулманкуловдун варианты боюнча экспозициянын так түзүлбөгөндүгүнүн натыйжасында Курманбектин калмактарга каршы согушу терс мүнөзгө өткөн. Бул вариант боюнча Курманбектин жаралышын баяндоодон кийин эле балалык чагы, андан соң урушка барганы сүрөттөлөт да, ортодогу байланыш жоголот.

М. Мусулманкуловдун варианты боюнча «Эр Курманбек» он төрт темачага бөлүнүп баяндалат. «Эр Курманбектин баш доору», «Калмактарга кандыгы», «Уруш» болуп үч бөлүккө бөлүнөт. Башкы баяндоодон башка кара сөз формасындагы түшүндүрүүлөр колдонулбайт.

К. Акиевдин вариантында жогоркудай майда темачаларга бөлүштүрүү орун албайт. Бул вариант боюнча окуяны бири менен бирин байланыштырып, тыгыз бирдикти сактоо милдетин кара сөз формасындагы түшүндүрүүлөр аткарат. Ал эми М. Мусулманкуловдун варианты боюнча бир окуя аяктап, экинчи окуянын башталышында «Уруш», же «Калмактардын козголоңу» сыяктуу темалардын колдонулушу кара сөз формасындагы түшүндүрүүлөрдүн ордуна жүрөт. К. Акиевдин варианты боюнча поэманын башталышында эле Курманбектин атын элдин боштондук кыймылы менен байланыштырууга болгон аракет байкалат. Бул вариант боюнча кара сөз формасындагы түшүндүрүүлөр жалаң гана окуялардын тыгыз бирдигин сактоо эмес, анын мазмунун тереңдетүү максатында да колдонулгандыгы көрүнөт. Поэма «Өткөн замандардын бир кылымында кыргыз-кыпчак элинин Тейитбек деген ханы болгон. Тейитбек өзүнүн элинен башкага алы жетпеген, арышы өтпөгөн, турган жери Анжыян багытында экен»[1] — деп баяндоо менен башталат. Ошол учурдагы кыргыз-кыпчактар калмактардан кордукту көп көргөндүгүн түшүндүрүүдө белгиленет. Демек, ошол мезгилде эркек баланын төрөлүшү келечекте кыргыз элинин кеткен кегин, өткөн өчүн алуучу күрөшүүчүнүн пайда болгондугун даңазалайт. Анда ары Курманбек эр жетип чоңоюу менен эл камын ойлоп, кыргыздын өткөн кеги, учурундагы калмактарга төлөп турган салымынан куткаруу үчүн калмактарга каршы күрөшкө аттанат. Окуянын башталышында эле каармандарын адилеттүү кыймыл-аракетинин ишенимдүү даярдалышы согуштун адилеттүү мүнөзүн күчөтөт. Бул вариант боюнча окуянын жүрүшү негизги каармандын тегерегине топтолуп, ички жана тышкы карама-каршылыктын өнүгүшүндө өтөт. Ушул сыяктуу күрөштүн бир линияга топтоштурулушу элдик идеянын жеңип чыгышына шарт түзөт. К. Акиевдин

[1] «Курманбек». Фрунзе, 1957, 3-бет.



варианты боюнча Курманбек жалаң гана чет элдик басып алуучуларга каршы күрөшпөстөн, анын бирден-бир жеңилишине себепчи болуп, тышкы душмандарга көмөк көрсөткөн — ички феодал төбөлдөрүнүн өкүлдөрүнө да каршы күрөшөт. Калмактарды жеңип, даңкка бөлөнүп элине кайткан Курманбек өз каалоосу менен эчен тоскоолдуктарды жеңип, Бакбурдун кызы Канышайга үйлөнөт. Анын атасынын тилин албай өзү каалаган кызга үйлөнүшү поэмадагы ички карама-каршылыктын башталышы болот. Алгачкы учурда ата менен баланын ортосундагы пикир келишпегендик гана катарында белгиленген карама—каршылык окуянын чечилишинде эски менен жаңы мамиленин күрөшүн белгилөөчү деңгээлге чейин көтөрүлгөн. Эпостогу конфликтинин мындай курч мүнөзгө өтүшү ишенимдүү даярдалган. Курманбектин Канышайды алып келип, Аккан менен канатташ ордо куруп, өзүнчө бийлик кылууга өтө башташынан тартып, ички конфликти ата менен баланын ортосундагы пикир келишпегендикти гана белгилеген рамкадан сыртка чыгат. Бул сыяктуу күчтүү карама-каршылык окуянын аягында Тейитбектин душманга жардам көрсөтүп, баласына ат бербей коюп, Курманбектин өлүшү менен чечилет. Бул вариант боюнча негизги каарман Курманбектин кыймыл-аракетине байланышпаган, же болбосо, кокусунан пайда болгон сыяктуу оркоюп чыгып калган эпизоддор жок[1]. Ал эми эпостогу орун алган жардамчы образдар негизги каармандардын толук ачылышына, андагы өнүктүрүлгөн элдик идеяны, көз караштарды тереңдетүүгө жардам берип турат.

Жогорку эки варианттан М. Каландаровдун вариантынын айырмачылыгы — поэма окуянын ортосунан, башкача айтканда, Курманбектин калмактарга каршы согушунан башталат. Окуя тикеден-тике калмактар менен Курманбектин ортосундагы кагылышты сүрөттөөдө өтөт. Албетте, окуянын мындай өсүп жеткен чегинен башталышы эпостун толук эместигине байланыштуу болуу керек.

М. Мусулманкулов менен М. Каландаровдун варианты боюнча ички карама-каршылык солгун, ишенимсиз сүрөттөлөт. Бул варианттар боюнча Курманбек атасынын уруксатысыз өзүнө жар деле тандап албайт. Тейитбектин кызыкчылыгына каршы келген Бакбур, Аккан сыяктуу өз элинин намысын коргогон хандар менен деле достошпойт. Тескерисинче, Курманбектин перинин кызына үйлөнүшү (М. Мусулманкуловдуку боюнча) анын атасынын да көңүлүн уютат.

К. Акиевдин варианты боюнча Курманбектин атасынын эркине каршы жар тандап алышы менен конфликти курч мүнөз-

[1] Поэмада жалгыз гана Канышайдын өлүмү кийин киргизилгендей байкалат. Ал жөнүндө өз пикирибизди I главада образдарды талдоодо айткан-быз.